**Кубаныч Сатаев – "Баатырларга таазим"**

с. Жылдызбек Турсунбаев
о. Кубаныч Сатаев

Жигиттери кыргыздын алга баштаган,
Эркиндигин элинин бийик сактаган.
Кас душманга чаптырбай кыргыз душманын,
Кайратынын жанбаган, жоодон качпаган.

**КАЙЫРМА:**
***Айкөл Манас жердеген,***
***Ак калпактуу кызгыз элден мен.***
***Колдон намыс бербеген,***
***Ала-Тоону жердеген,***
***Элим менен дайым шерденем.***
***Кыргыз эл менен.***

Чолпонбайы кыргыздын атын тааныткан,
Баатырдыгы, баяны өчпөйт тарыхтан.
Унутулбайт чынында, эч ким, эч качан,
Эрдик менен кыргызым кылым карыткан.

**КАЙЫРМА:**

Бүгүн мына гүлдөргө толуп көчөбүз,
Баатырлардын элесин эстеп өтөбүз.
Эли-журт деп өз жанын курман кылышкан,
Жигиттердин арбагына таазим этебиз.